КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
АРСТАНБАП-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АРСТАНБАП-
АТИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XIV сессиясынын**

# ТОКТОМУ
# №18

**№50 «Эл-Нуру» мектепке чейинки билим берүү уюмуна кошумча тайпаларды ачуу жөнүндө**

Арстанбап-Ата айыл аймагынын Арстанбап айылындагы №50«Эл-Нуру» мектепке чейинки билим берүү уюмунда кошумча орундарга болгон муктаждык көбөйүп, мектепке чейинки курактагы балдар үчүн жеткиликтүү шарттарды түзүү максатында, Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.А.Чолуковдун сунушун карап чыгып, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын жетекчиликке алып, Арстанбап-Ата айылдык кеңеши **токтом кылат:**

**1.** Арстанбап-Ата айыл аймагынын Арстанбап айылындагы №50 «Эл-Нуру» мектепке чейинки билим берүү уюмунда болгон суроо-талапты канааттандыруу максатында кошумча тайпа ачууга макулдук берилсин.

**2.**№50 «Эл-Нуру» балдар бакчасына кошумча тайпаларды ачуу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү, кошумча тайпаларды ачууга байланыштуу чыгымдарды жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгүнө жараша каржылоо маселелери Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

**3.**№50 «Эл-Нуру» балдар бакчасына кошумча тайпаларды ачууга тийиштүү иш кагаздарын даярдоо жана штат бирдигин чечүү жагы№50 «Эл-Нуру» мектепке чейинки билим берүү уюму мекемесинин жетекчисине жүктөлсүн.

**4.**Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин социалдык маселелер, билим берүү жана маданият, саламаттык сактоо жана жаштар иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Ж.Абдухалилов**